*Жаасынбек кызы А.*

# КҮБӨЛӨРДҮН ЖАНА ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРДЫН КООПСУЗДУГУН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА КАМСЫЗ КЫЛУУНУН КЫЛМЫШ-УКУКТУК ЧАРАЛАРЫ

*Жаасынбек кызы А.*

# УГОЛОВНО-ПРАВОВЫЕ МЕРЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ БЕЗОПАСНОСТИ СВИДЕТЕЛЕЙ И ПОТЕРПЕВШИХ В ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Jasynbek kyzy A.*

# CRIMINAL-LEGAL MEASURES TO ENSURE THE SAFETY OF WITNESSES AND VICTIMS IN THE LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 343.347.9*

*Макалада жазык процесстик укугунун актуалдуу маселеле ачып каралат. Жабырлануучулардын жазык-процессуалдык укуктук абалдарын коргоону жакшыртуу үчүн азыркы учурдагы мыйзамдарга жана коомдун талаптарына ылайыктап иштеп чыгуу жана сунуштоо болуп эсептелинет. Мамлекетибизде кылмыштуулуктун деңгээлинин төмөндөөсүнүн башкы жана объективдүү шарты жана себеби элдин материалдык жашоо деңгээлинин жогорулатуу боюнча жалпы малекеттик масштабдагы комплекстүү программалардын иштеши, калктын жалпы маданий деңгээлинин өсүүсү жана аң-сезимдин жогорулоосу, бардык бийлик бутактарынын жана жалпы коомчулуктун катышуусунда социалдык жана укуктук реформалардын жүргүзүлүшү талап кылынууда.*

***Негизги сөздөр***: *жазык-процесс укугу, жабырлануучу, күбө, мыйзам, коом, укук, коопсуздук.*

*В данной статье рассматриваются актуальные вопросы уголовно-процессуального права. Для улучшения защиты уголовно-процессуального правового положения потерпевших нужно разработать и предложить меры в соответствии с действующим законодательством и требованиями общества. Главным и объективным условием снижения уровня преступности в нашем государстве является функционирование комплексных программ общегосударственного масштаба по повышению уровня материальной жизни населения, рост и повышение уровня общей культуры населения, проведение социальных и правовых реформ при участии всех ветвей власти и общества в целом.*

***Ключевые слова***: *уголовно-процессуальное право, потерпевший, свидетель, закон, общество, право, безопасность.*

*This article deals with topical issues of criminal procedure law. To improve the protection of the criminal procedural legal status of victims, it is necessary to develop and propose measures in accordance with the current legislation and the requirements of society. The main objective condition for reducing crime in our country is the functioning of comprehensive programs of national scale to improve the material life of the population, the growth and improvement of the General culture of the population, the implementation of social and legal reforms with the participation of all branches of government and society as a whole.*

***Key words:*** *criminal procedure law, victim, witness, law, society, law, security.*

Кылмыш-жаза-укуктук ченемдер коомдо пайда боло калуучу ар кандай кылмыштуулукту алдын алат, аны жөнгө салат. Укуктук нормалардын иштеп турушунун өзү жарандардын, жалпы эле коомдун коопсуздугун камсыз кылууда чоң мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин башкы максаты да дал ушул (КРнын КЖКнин 2-беренеси, 1-пункт). Ошондой болсо да, кылмыш-жаза-укуктук ченемдери бардык жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бирдей интенсивдүүлүктө иштебейт. Кылмышка карата жоопкерчиликти караган жалпы укуктук нормалардан тышкары кылмыш-жаза мыйзамдарында күбөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылууга багытталган атайын ченемдер да бар. Бул ченемдер, кандайдыр деңгээлде, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинде жаңылык болуп эсептелет жана сот өндүрүшүнө көмөк көрсөткөн күбөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылууда чоң мааниге ээ. Мындайда, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 55-беренесинин 1-бөлүмүнүн 14-пунктундагы башка кылмышты жаап-жашыруу максатында жасалган кылмышка карата оор жагдайдагы жазаны белгилөөдө, кылмыш жаза мыйзамдарын изилдөөчү илимпоздордун ойлору тастыктагандай, күбөнүн коопсуздугун камсыз кылуу мааниси келип чыккандыгы тууралу белгилеп кетсек жаңылышпайбыз.

Бул жагдай КРнын Кылмыш-жаза кодексинин “киши өлтүрүү” кылмыштын кошумча квалификациянын белги катары (97-беренесинин 2-бөлүмүнүн 13-пунктунда) карасак болот.

КРнын 97-беренесинин 2-бөлүмүнүн 13-пункту киши өлтүрүүнүн эки түрүн өз ичине камтыйт [2]:

1) Башка кылмышты жаап-жашыруу;

2) Кылмышты жеңилдетүү максатында.

"Кылмышты жеңилдетүү максатында адам өлтүрүү" түрүн биз карабайбыз, себеби айтылган кылмыштын квалификациясы биздин изилдөөбүздүн темасына туура келбейт жана аны төмөнкүдөй аныктама берүү менен четтетүүгө болот.

Башка кылмышты жеңилдетүү максатында өлтүрүүсү күнөлүү инсан бирөөнүн өмүрүн кыюу менен алдын ала коюлган максаттагы кылмыштын жагдайларын жеңилдетүү катары мүнөздөлөт. Кылмышкер кылмыш кылуунун шарт-жагдайын издейт жана жеке кызыкчылыктарын көздөйт. Мындай аракетти күнөлүү инсан максаттагы кылмышты аткарaарда алдын жасайт же бир эле заматта жасашы мүмкүн. Кандай гана жагдайда же заматта аткарылбасын, мыйзамда көрсөтүлгөндөй атайын максат катары максаттын түздөн түз ниет менен аткарылган деп таанылат. Бул багытта К.Ш. Курманов [3], К.М. Осмоналиев, Т.А. Төлөгөнов, Т.С. Салыбекова изилдөөлөрүн жүргүзүшүп, омоктуу пикирлерин билдиришкен. Кылмышкер КРнын 97-беренесинин 2-бөлүмүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөндөй, курмандыгына күтүүсүздөн кол салышы да мүмкүн, мындай учурда ал кылмышкерге эч кандай каршылык көрсөтө албай калат. Мисалы, кылмышкер пайда табуу үчүн кампанын кароолун өлтүрдү дейли, мында кароол кылмышка күбө болгондуктан эмес, пайда табууга жолто болгондугу үчүн кылмышкер өлтүрүүгө барат.

Кылмыш тууралуу маалыматка ээ күбө аны укук коргоо органдарына билдиргенден кийин өлтүрүлсө да ал жогоруда аталган берене боюнча квалификацияланат. Бирок мында кылмышкердин күнөөсү дагы да күчөтүлүп, маалымат бергендиги үчүн өч алуу түшүнүгү да кошумчаланат жана көрсөтмө берүүнүн алдын алуунун аракети көрүлөт. Кылмышкердин күбөдөн өч алуусу аны өлтүрүү, уруп-согуу, коркутуу жолдору менен ишке ашышы мүмкүн. Кыргызстанда күбөнү коргоонун төмөнкүдөй жолдору иштелип чыккан: жашоо жайын убактылуу алмаштыруу, фамилиясын, атын өзгөртүү, пластикалык операция ж.б.

Кылмыштын субъектисине өзүнүн жана ошондой эле башка бирөөнүн кылмышын жашырган адам айланышы мүмкүн. Кылмыш боюнча маалыматы бар күбө өзү да качандыр кылмыш кылган болсо да кылмышкер тууралуу маалымат берүүнү, укук коргоо органдары менен байланышууну каалабайт. Жабырлануучу, кылмышка (уурулук, талап-тоноо, адам уурдоо ж.б.) күбө болгон адам же кылмыштын бетин ачууда ар кандай маалыматка ээ адам кылмыш курмандыгына айланышы мүмкүн.

Адам кылмышты (анын кандай деңгээлде экендиги мааниге ээ эмес) көргөн же ал тууралуу уккан болсо, бул тууралуу кылмышкер билсе анын өмүрүнө коркунуч туула баштайт. Негизи, кылмышкер, анын кылмышынын мотиви жөнүндөгү ар кандай маалымат баалуу болуп эсептелет [5]. Өзүнүн кылмышын жашыруу үчүн күбөнү өлтүрүү КРнын 97-беренесинин 2-бөлүмүнүн 13-пунктунда көрсөтүлүп, күбөнү, жабырлануучуну, кылмыш тууралуу маалыматка ээ жарандын өмүрүн коргоого алуу укук коргоо органдарынын гана эмес, жалпы коомчулуктун, түрдүү деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдарынын милдети болуп эсептелет.

Сот адилеттигиндеги карама-каршылыктарды жеңүүгө багытталган кылмыш-жаза-укуктук иш-чаралар укуктук мыйзамдардын нормаларынан келип чыгат. В.В. Намнясев (ю.и.к., Волгоград шаары, Россия ИИМнин Волгоград академиясы) өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө кылмыш-жаза-укуктук ченемдерди талдоого алуунун натыйжасында сот адилеттигиндеги жана алдын ала тергөө иштериндеги карама-каршылыктардын көбүрөөк жолуккан формаларын аныктоого жана аларды четтетүүнүн жолдорун табууга мүмкүн деп ишенимдүүлүк менен белгилейт.

Күнөөлүү жана өзүн өзү коргоонун карама-каршылыктарынан улам келип чыккан жазык процессинин чыр-чатактуу мүнөзүнүн натыйжасында сот өндүрүшүндө тоскоолдуктар болуп турат, анын үстүнө, жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн өмүрүнө ар кандай коркунучтар туулушу да толук мүмкүн. Сот өндүрүшүнө катышуучулардын ичинен күбөлөр көбүрөөк кысым көрсөтүүгө дуушар болушат, мындай коркутуулар, басым көрсөтүүлөр кылмышкерлердин жакындары, тууган-уруктары тарабынан да болушун күтүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарында кылмыш-жаза-процессуалдык мамилелердин обьектилерин, кылмыштын күбөлөрүн коргоого алууга, сот адилеттүүлүгүнө каршы чыгууларды четтетүүгө багытталган жана КРнын КЖКнин 31-главасы менен конкреттүү кылмыш-жаза-укуктук ченемдер бекитилгени бар. Бирок, бул главада көрсөтүлгөн бардык эле кылмыш-жаза-укуктук ченемдер кылмыштын күбөлөрүн коргоого алууга түздөн-түз багытталган эмес. Мындан улам, сот өндүрүшүн алып баруучу кызмат адамдарына мыйзам тарабынан негизги көңүл бөлүнүп, тергөө иштерине катышуучуларга, алардын ичинде күбөлөргө жетиштүү деңгээлде көңүл бурулбай калган деп жыйынтык чыгарууга туура келет.

Күбөлөргө басым көрсөтүүнү четтетүүнүн негизги чараларынын бири, жогоруда айтылгандай, кылмыш-жаза-укуктук каражаттар. Сот өндүрүшүнө катышып жаткан күбөлөрдү коргоого алуунун кепилдиги катары Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин төмөнкүдөй нормалары кызмат кылат:

1) көрсөтмө берүүгө мажбурлагандыгы үчүн кылмыш жообуна тартуу (КРнын КЖКнин 325-беренеси);

2) күбөлөрдү, жабырлануучуларды жана башка сот өндүрүшүнүн катышуучуларын кылмышкердин пайдасы үчүн жалган көрсөтмө берүүгө же көрсөтмө берүүдөн баш тартууга мажбурлоо, коркутуу, кысым көрсөтүү, мүлкүнө зыян келтирүү, сатып алуу ж.б. (КРнын КЖКнин 332-беренеси) [6];

3) тергөө маалыматтарын ачыкка чыгаргандыгы үчүн кылмыш жообуна тартуу (КРнын КЖКнин 333-беренеси) [7];

4) соттордун, жалпы кылмыш-жаза процессине катышуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн кылмыш жообуна тартуу (КРнын КЖКнин 334-беренеси) [8];

Кылмыш процессинин катышуучуларынын коопсуздугун камсыз боюнча иш-чаралар этияттык менен талкууланбай калышы да мүмкүн (мисалы, кызматык кабинеттердин эшиги ачык калып же жат адамдардын катышуусунда), мында коопсуздукту коргоо чаралары жат адамдардын да кулагына түшүп калуусу күтүлөт. Мындай учурларда атайлап жасалбагандыктан кылмыш процессинин катышуучуларынын коопсуздугун камсыз боюнча маалыматтардын сыртка чыгып кетиши кылмыш катары эсептелинбей, бирок да, аталган маселе боюнча тиешелүү маалыматка ээ болгондор, коопсуздук маселелерин талкууга алгандар өз ишине шалаакылык менен мамиле жасабай, этият болууга милдеттүү.

Аталган коргоо коопсуздугун камсыз кылуу боюнча маалыматтар ага тиешеси жок, маалымат айтуучунун өзүнө жакын адамына айтылганда ал кылмыш ишине жатабы деген мыйзам ченемдүү суроо пайда болот. Маалымат башка бирөөнүн коркутуусунун, басым көрсөтүүсүнүн таасиринде же кандайдыр пайда табуу үчүн айтылбаса, бул маалыматтар коргоого алынуучу адамдарга коркунуч жаратпаса, биздин оюбузча, анда кылмыштын мотиви жок, бирок да, сот органдарынын кызматкерлерине тиешелүү этикет так сакталууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Осмоналиев К.М., Курманов К.Ш. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза укугу. - Бишкек, 2000.
2. Жолдошев Т.Т. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза укугу. - Бишкек, 2014.
3. Леви А.А. К вопросу об обязанностях и правах свидетеля в уголовном деле. / А.А Леви // Правоведение. - №1.- 2000.
4. Дубривный В.А. Потерпевший на предварительном следствии. / В.А. Дубривный. - Саратов: Приволжское книжное издательство, 1966. 8-9-бб.
5. Яни П.С. Обеспечение прав потерпевшего в уголовном судопроизводстве / П.С. Яни. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата юридических наук - М., 1995.
6. Будякова Т. Индивидуальные особенности потерпевшего как критерийстепени нравственных и физических страданий. / Т.Будякова. // Российская юстиция. - №2. - 2003.
7. Божьев В. Размышление о прочитанном. / В. Божьев // Уголовное право 2001. - №3.
8. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик Кодекси 3-июнь 1999-жыл № 63 (7 авг. 2015-жыл №222 Мыйзамына ылайык).


**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**